УДК 378.147:821.512.154
DOI: 10.36979/1694-500X-2022-22-10-62-67

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ КАРТ ПАМЯТИ НА УРОКЕ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ (НА ПРИМЕРЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ Ч. АЙТМАТОВА)

***Ж.Т. Бокоева***

*Аннотация.* Преподавание произведений Айтматова на кыргызском языке даёт учащимся возможность в процессе обучения по-новому, глубоко взглянуть на сюжет произведения, сформировать гуманистические взгляды на мир, активную жизненную позицию, нравственность, духовность, культуру, способствует развитию письменного и устного общения. Для этого нам необходимо использовать новые методы для повышения интереса учащихся к уроку кыргызской литературы, направленные на формирование духовной культуры учащихся, развитие их устной и письменной речи, формирование их эстетического характера. Преподаваемый урок должен быть эффективным, действенным, доступным и интересным в соответствии с потребностями времени. Понятно, что на уроках литературы даётся много информации и материалов. Необходимо не только читать литературу, знакомиться с информацией, но и уметь аналитически осмысливать содержание работы. Среди этих новшеств мы рекомендуем метод использования карты памяти.

*Ключевые слова:* кыргызская литература; Ч. Айтматов; метод обучения; аналитическое мышление; карта памяти.

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ САБАГЫН ОКУТУУДА ЭС-ТУТУМ КАРТАСЫНЫН КОЛДОНУЛУШУ (Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАСЫНЫН МИСАЛЫНДА)

***Ж.Т. Бокоева***

*Аннотация.* Көркөм чыгармаларды окутууда, анын ичинен Ч. Айтматовдун чыгармаларын окутууда жаңыча көз караш менен кароо замандын талабы болуп саналат. Чыгарманын сюжети менен студенттерди терең тааныштыруу, алардын дүйнөгө болгон гуманисттик көз караштарын, турмуштук активдүү позицияларын, адеп-ахлак ишенимдерин калыптандырат. Студенттердин рухий маданиятын калыптандыруу, оозеки жана жазма кебин өстүрүү, эстетикалык табиятын калыптандыруу максатын көздөгөн кыргыз адабияты сабагына кызыгуусун арттыруучу үчүн жаңыча ыкмаларды колдонуубуз керек. Өтүлө турган сабак замандын талабына жараша натыйжалуу, таасирдүү, жеткиликтүү, кызыктуу болушу зарыл. Адабият сабагын окутууда маалыматтар, материалдар абдан көп берилери анык. Берилген маалыматтарды окуп гана тим болбостон, чыгарманын мазмунуна аналитикалык ой-жүгүртө билүүсү шарт. Мына ошол жаңы ыкмалардын ичинен эс-тутум картасын колдонуу усулун сунуштап отурабыз.

*Түйүндүү сөздөр:* кыргыз адабияты; Ч. Айтматов; окутуунун усулу; аналитикалык ой-жүгүртүү; эс-тутум картасы.

# USE OF MEMORY CARD IN TEACHING KYRGYZ LITERATURE LESSON (IN THE EXAMPLE OF CH. AITMATOV'S WORKS)

***Zh.T. Bokoeva***

*Abstract.* Teaching Aitmatov's works in the Kyrgyz language gives students the opportunity to study in a new way, to take a deep look at the plot of the work, to form humanistic views on the world, an active lifestyle, morality, spirituality, culture, contributes to the development of written and oral communication. To do this, we need to use new methods to increase students' interest in the lesson of Kyrgyz literature, aimed at the formation of students' spiritual culture, the development of their oral and written speech, the formation of their aesthetic character. The lesson taught should be effective, efficient, accessible and interesting in accordance with the needs of the time. It is clear that a lot of information and materials are given in literature lessons. It is necessary not only to read the literature, get acquainted with the

information, but also to be able to analytically comprehend the content of the work. Among these innovations, we recommend the method of using a memory card.

*Keywords:* Kyrgyz literature; Ch. Aitmatov; teaching method; analytical thinking; memory card.

Билим берүүнүн методдорунун стратегиялык өнүгүүсү үчүн ар тараптан изденүүгө мажбурбуз. Замандын талабына ылайык жаштардын аң-сезиминдеги ойлорун пландуу түрдө иш жүзүнө ашыра билүүсүнө, оюн системалуу түрдө түшүнүдүрүп бере алуусуна үйрөтүшүбүз керек. Болбосо ааламдашуу процессинде, китепти барактап окуган жаштарга караганда, электрондук маалымат технологияларын колдонгон жаштардын саны арбын болууда. Азыркы учурда жаштар интернет-булактары аркылуу гана окуп-үйрөнүүнүн үстүндө болуп, физикалык активдүүлүгү өтө аз болгондугу бизди өкүндүрөт. Учурда жаштардын аң-сезиминдеги маалыматтар кеңири болгону менен, руханий жактан жакыр болуп бара жатат. Интернет-булактары аркылуу да жетиштүү маалыматтарды алып жатышат, бирок пикир алышуунун активдүүлүгү азаюу менен бирге, оюн жеткире айтып бере албоосу, башкача айтканда, пикир алышууда берейин деген ойлорунун системалуулугунун жоктугу, алган билимин практика жүзүндө маселелерди чечүү үчүн колдоно албоосу турмуштук тажрыйбада көп кездешет. Мына ушул сыяктуу маселелерден улам салттык билим берүүдөн тышкары окутуунун улам жаңы усул-ыкмаларын изденүүнүн үстүндө болуу замандын талабы болууда.

Элибиздин руханий кенчи болгон көркөм чыгармаларды окутууда, анын ичинен Ч. Айтматовдун чыгармаларын окутууда, жаңыча көз караш менен кароо, чыгарманын сюжети менен студенттерди терең тааныштыруу, алардын дүйнөгө болгон гуманисттик көз караштарын, турмуштук активдүү позицияларын, адеп-ахлак ишенимдерин, рухий маданиятын калыптандыруу, оозеки жана жазма кебин өстүрүү, эстетикалык табиятын калыптандыруу максатын көздөгөн кыргыз тили жана адабияты сабактарына кызыгуусун арттыруучу үчүн жаңыча ыкмаларды колдонуубуз керек. Демек, өтүлө турган сабак замандын талабына жараша натыйжалуу, таасирдүү, жеткиликтүү, кызыктуу болушу зарыл. Мына ошол жаңы ыкмалардын ичинен эс-тутум картасын колдонуу усулун сунуштап отурабыз.

Эс-тутум картасы – бул маалыматты визуалдаштыруу үчүн колдонулуучу метод. Ал аңсезимибиздеги маалыматтарды чогултуу, аны талдоо, эстеп калуу жана жаңы идеяларды түзүү үчүн колдонулат. Ойлорду системалаштыруунун мындай жолу ишкерликте да, чыгармачылыкта да, адам жашоосунун башка тармактарында да активдүү колдонулат. Эс-тутум картасын – ассоциация картасы же интеллект картасы деп да атаса болот. Анын негизги максаты – бул ойлорду жашоодо андан ары колдонуу үчүн адамга түшүнүктүү формада ойлордун жүрүшүн бекитүү (URL: https://lectera.com/info/ru/articles/mentalnaya-karta) болуп саналат.

Эс-тутум картасы, башкача айтканда, «акылэс картасы» (анг. тилинде mind maps) англиялык окумуштуу, психолог, эске тутум методдору боюнча бир канча эмгектердин автору Тони Бьюзен (Tony Buzan, 2-июнь 1942-ж., Лондон) тарабынан негизделген (URL: https://cyberleninka.ru/article/n/mentalnaya-karta-kak-metod-obucheniya). Мындан тышкары, бул багытта жазылган ондогон окуу китептеринин автору катары да таанымал. Дал ушу Тони Бьюзен тарабынан маалымат менен иштөөдө эс-тутум картанын эффективдүүлүгү далилденген. Ал эми Россияда бул метод Санкт-Петербург университетинин профессору Бершадская Елена Александровна, теориялык багытта Михаил Евгеньевич Бершадский тарабынан изилденип келүүдө [1, 30-б.].

Эс-тутум картасы дарак тибиндеги же ж.б.у.с. кызыктуу формадагы схемалар менен ишке ашат. Анын сөңгөгүндө негизги, өзөктүү сөз жазылат да, ар бир бутактарында сөздөр, идеялар, тапшырмалар же башка түшүнүктөр менен туташып турат [2, 232-б.]. Ал чексиз болушу мүмкүн, башкача айтканда, бутактарынын санына аз же көп деп чектөөлөрдү коё албайбыз. Ал сүйлөөчүнүн оюнун, негизги теманын үстүндө эмнелерди айта тургандыгына же маселелер кандайча чечилиши керектигине, кыскасы, ар бир бутак кайра өз ичинен бутактанып,

жайылып кете берет. Эң башкысы сүйлөөчүнүн аң-сезиминдеги маалыматтардын өзөктүүлөрү, өзүнө тиешелүү түшүктөрү менен аталып жүрүп отурат. Мындай усул, биринчиден, сүйлөөчүнүн аң-сезиминде бышып жетилген ойлорун кагазга түшүрүүсү, экинчиден, ошол ойлорду туура же системалуу берүүсү үчүн иреттеп алуусуна, үчүнчүдөн, ар бир ойго тиешелүү негизги түшүнүктөрдү, коддорду атай билүүсүнө жол ачат. Ал эми ошол эле учурда сүйлөөчүнүн оюу угуучуга жеткиликтүү болуусунда да эс-тутум картасынын ролу чоң. Сүйлөөчүнүн чийип берген бутактуу схемалары аркылуу жөн эле сүйлөп түшүндүрүп бергенге караганда, сүйлөөчүнүн схемалары, андагы өзөктүү түшүнүктөр, сөздөр угуучунун кабыл алуусуна да чоң өбөлгө болору анык. Мисалга алсак, адабият сабагынан чыгарманы окутуу менен, ар бир окурмандын ошол чыгармага карата пикирин абстрактуу түрдө уга алабыз. Бир чыгарманын толук сюжети, андагы каармандарга карата оң же терс пикирлерин, чыгарманы окуган учурда каармандардын образдуу элестерин, аларга тиешелүү сүрөттөөлөр, окуялардын ырааттуулугу жана окуя жүрүп жаткан жер, же ошол учурдагы абал, кыскасы, автор тарабынан кылдат иштелип чыккан жана окурмандардын аңдап билиши керек болгон кээ бир деталдарды студенттер менен толук талкуу кылууга убакыт тардык кылары белгилүү. Дал ушундай абалда убакытты таасирдүү жана рационалдуу пайдалануу үчүн эс-тутум картасы эффективдүүлүгү менен айырмаланат.

**Бул усулдун колдонулушу**: Бул усулдун окутуу системасында колдонулушу жана эффективдүүлүгү тууралуу далилдүү бир канча илимий эмгектер жазылган. Макалаларда интеллект картасын сабак учурунда колдонуу маалыматтарды кабыл алууда эффективдүү болорун жана берилген тексттин маанисин түшүнүп, ага карата өзүнүн жеке позициясын калыптандырарын [3], бул усул менен иштөө учурунда адамдын мээсинин эки чоң жарым шары иштеп, кыска убакытта көп маалыматты кабыл алуусуна шарт түзөрүн [4], мындан тышкары, окутулган көркөм чыгарманы бышыктоодо, студенттердин эсинде кайсы окуя кандай негизде жана канчалык деңгээлде калгандыгын аныктоодо да эс-тутум картасы таасирдүү болору айтылган [5].

**Усулдун иштелиши**: Эс-тутум картасын адабият сабагын окутууда алгач студенттерге картанын түзүлүшү тууралуу маалыматтар берилиш керек. Эс-тутум картасы өтүлсө, окуучунун ой-жүгүртүүсүнүн өнүгүүсүнө түрткү берет. Эс-тутум картасын колдонууда түшүндүрүлгөн тема тууралуу конкреттүү жалпы маалымат алат да, кайрадан ошол маалыматтарды иреттеп, тизмектештирет. Бул учурда окуучу үчүн жаңы тема жөнөкөй да, кызыктуу да сезилет. Берилген маалыматтар окуучунун эсинде сакталып калат. Ошондой эле теманы бышыктоодо, ар бир каармандардын образдарын талдоодо эс-тутум картасын колдонуу ар бир студентти сабактын жүрүшүндө активдүүлүккө чакырат.


Бул милдетти практикалык жактан жогорку окуу жайларында иш жүзүнө ашыруу – өз иштеринде мыкты ийгиликтерди камсыз кылып жатышкан окутуучулардын алдыңкы педагогикалык жана инновациялык тажрыйбаларын системалуу түрдө иликтеп үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу талап кылынат. Ошол себептен кыргыз адабияты сабагында жаңы усулдар менен теманы түшүндүрүү өтө натыйжалуу жана кызыктуу болот. Ошондой эле, башка салттуу усулдарга салыштырмалуу, эс-тутум картасы аркылуу иштелген усулдар мээнин иштешинин, маалыматты кабыл алуудагы жөндөмдүүлүктүн натыйжалуулугун арттырат. Тони Бьюзен өзү да бул усулду – мээнин өзү менен баарлашуу ыкмасы деп айткан [6, 48-б.].

Сабактын жүрүшүндө студенттерди 3–5 кишилик топторго бөлүп, топторду жарыштырып өткөрсө болот. Бөлүнгөн топторго мультимедиялык проектор аркылуу эс-тутум картасын түзүүнү түшүндүргөн даяр слайдды көрсөтүп, бул методдун колдонулушу тууралуу кыскача айтып беребиз. Усул жөнүндө маалымат алган соң окутуучу ар бир студентке (же топторго) “Баш каарман ким?” же “Окуянын кайсы жерде өткөнүн айтып бергиле” деген сыяктуу суроо узатып, А4 формасындагы барактарды таратат. Сунушталган каарман же окуянын тегерегинде студент ой жүгүртүп, өзүнүн түшүнүктөрү боюнча кандайдыр бир схема же карта чиет. Мурда көрсөтүлүп түшүндүрүлгөндөй, ар бир топ же катышуучу эрежеге ылайык ак баракка же ватманга эс-тутум картасын түзөт. Бул учурду

топтук чыгармачыл процесс деп да атап айтсак болот. Бул убакта берилген тапшырма боюнча негизги жана кошумча маалыматтар кагазга түшүрүлөт. Сабактын аягында топтор же катышуучулар өздөрү түзгөн эс-тутум картасын тааныштырышат. Эс-тутум картасы тактага магнит аркылуу бекитилет. Окутуучу картанын туура түзүлгөнүн текшерип баалайт, мазмунуна карата талкуу жүргүзүлөт. Тапшырманын аткарылганына жараша артыкчылыктары белгиленет. Ошондой эле, кемчиликтер да айтылып, эс-тутум картасын мындан дагы кызыктуу жана таасирдүү кылуусу боюнча конкреттүү сунуштар айтылат. Сабактын аягында окуучулар аткарылган иштерге карата сабактын аягында жазуу түрүндө же оозеки өз ойлорун билдиришет. Окутуучу сабактын жыйынтыгын чыгарып, аткарган иштери боюнча катышуучуларга ыраазычылыгын билдирет. Эми эс-тутум картасынын иштелишине үлгү катары Ч. Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” чыгармасы боюнча даярдалган материалды сунуш кылабыз. Алгач чыгарманын жазылыш себептери тууралуу студенттерге кыскача маалымат берген соң, чыгарманын башындагы сюжеттерин төмөндөгүдөй формада берсек болот (сүрөт 1).

Жердин (кургактыктын) пайда болушу жөнүндөгү нивхи элинин уламышы. Кургактык пайда болгон соң анын жээгиндеги Ала-Дөбөт аскасы, ал жерде жашаган 3 эркек аңчы жана 1 баланын кайыгы менен Охот деңизи аркылуу аңчылыкка сапары берилет. Андан кийин окуянын ирети боюнча нивхи эли тууралуу маалымат берсек болот (сүрөт 2).


Нивхи эли тууралуу маалыматтардан соң чыгарманын башкы каармандарына өтөбүз. Төмөндө бериле турган сүрөттөр мультимедиялык проектор аркылуу көрсөтүлөт. Эгерде анда мүмкүнчүлүк жок боло турган болсо, дал ушундай эле формада түстүү маркерлер менен тактага образдуу кайыкты чийип алып, түстүү маркерлер менен эс-тутум картасы чийилет. Кайыктагы каармандарды жана буюм-тайымдарды талкулап алган соң, ал каармандардын өзүнө гана таандык болгон өзгөчөлүктөрүн көрсөтүүчү картаны чиебиз. Каармандар логикалык ырааттуулукта берилиши шарт. Алгач Орган чал жөнүндө картаны түзөбүз. Орган карыядан баштаганыбыздын себеби, кайыктагы эң сакалдуусу жана ошол аңчылыктын жол көрсөтүүчүсү. Чыгармада берилгендей, аңчылыкта ата-бала деген түшүнүк жок, болгону улуу-кичүү деген гана



Сүрөт 1 – Чыгарманын өзөгү тууралуу эс-тутум картасы



Сүрөт 2 – Нивхи эли тууралуу карта




Сүрөт 3 – Орган карыя тууралуу эс-тутум картасы




Сүрөт 4 – Кирискиге карата түзүлгөн карта

түшүнүктүн болушу шарт. Бул жерде Орган карыяга байланышкан коддук сөздөр, башкача айтканда, бул сөздөр айтылганда окурмандардын элесине дароо Орган чал келиши керек (сүрөт 3).

Ал эми чыгарманын баш каарманы болгон Кириск тууралуу төмөндөгүдөй карта түзүүгө болот (сүрөт 4).

Дал жогорудагыдай формада башка каармандардын, жан-жаныбарлардын, жаратылыш кубулуштарынын жана башка чыгармада берилген, кандай гана маалыматтар болбосун, баардыгы ирети менен окурмандын элесине, кабыл алуусуна, эс-тутумуна жараша менталдык карталар менен иштелсе болот.

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда, жогоруда берилген эс-тутум карталары Ч. Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” повести боюнча кыскача жана өзөктүү маалыматтарды камтыйт. Ал эми сабактын жүрүшүндө бул карталарды көрүү менен чыгарманын негизги сюжетин түшүнсө, окутуучу тарабынан (же дарсканадагы студенттердин бири-бирине берген суроолору) берилген кошумча суроолору аркылуу чыгарманын сюжети толугу менен деталдуу түрдө бышыкталат. Жогоруда берилген суроолор сыяктуу сабактын жүрүшүнө жараша дагы ар кыл суроолор менен талкууну бышыктаса болот. Жогоруда берилген эс-тутум картасы аркылуу Ч. Айтматовдун “Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт” чыгармасын студенттер менен визуалдуу түрдө окуп, ийине жеткире талдап, мурда окуп унутта калган жерлерин эстеп, чыгарманы бышыктап түшүнө алдык. Ушундай түзүлгөн эс-тутум карталары иш процессинде маалыматтардын натыйжалуулугун арттырат. Бул маалыматтар дарак жана башка түрүндө чийилген формада берилет. Башкача айтканда, маалыматтар кандай гана формада берилбесин, эс-тутум картасы ыкмасы менен берилген маалыматтар эсте тез сакталып, натыйжалуу таасир калтырары тажрыйбада аныкталды.

Окутуучунун алдындагы эс-тутум картасы алдыга коюлган максат боюнча сабактын ийгиликтүү ишке ашышы үчүн так план берет. Эс-тутум картасынан кайсы иш жасалганын жана кайсы иш жасала тургандыгын оңой эле көрүүгө болот. Ар дайым талап кылынган учурлары даана көрүнүп турат. Бул картаны кайтарым байланыш үчүн да пайдаланууга болот. Студенттерге эс-тутум картасын түздүрүп, сабакты бышыктоого да болот. Мисалы, өтүлгөн сабактагы маалыматтарды ак менен (түшүнбөгөн жерлер), жашыл менен (түшүнгөн жерлер), кызыл менен (жарым-жартылай түшүнгөн жерлер) белгилеп, студенттер өздөрүнө керектүү жерлерин ыңгайлуу түрдө билип алуулары шартталат. Бул техника аркылуу бир гана адабият сабагы эмес, түрдүү сабактарды кызыктуу жана таасирдүү иштеп чыгууга жардам берет. Же болбосо окуутуучу тарабынан түзүлгөн эс-тутум

картасына студенттер тарабынан суроолорду түздүрсө болот. Албетте, берилген коддук сөздөрдүн тегерегинде студенттин суроо түзө билүүсү да сабакты бышыктоодо өбөлгө болмокчу.

Поступила: 22.08.22; рецензирована: 05.09.22; принята: 08.09.22.

***Адабияттар***

1. *Асмолов А.Г.* Как проектировать универсальные учебные действия в начальной школе: от действия к мысли: пособие для учителя / А.Г. Асмолов, Г.В. Бурменская, И.А. Володарская и др. М.: Просвещение, 2010. 151с.
2. Kavram ve zihin haritasi kullaniminin öğrencilerin kavramlari anlama düzeyleri ile fen ve teknolojiye yönelik tutumlari üzerindeki etkileri. URL: https://dergipark.org.tr/tr/download/article-file/16825 (кайрылуу датасы: 05.06.2022).
3. *Талыбова Л.Б.* Интеллект-карты как эффективный способ работы с информацией / Л.Б. Талыбова, А.А. Арасланова. URL: https://scienceforum.ru/2017/article/2017032276 (кайрылуу датасы: 06.07.2022).
4. *Куликова В.В.* Ментальная карта как метод обучения / В.В. Куликова. URL: file:///C:/Users/Jamilya/Downloads/mentalnaya-karta-kak-metod-obucheniya.pdf (кайрылуу датасы: 02.07.2022).
5. *Хакимов Д.Р.* Применение в учебном процессе ментальных карт / Д.Р. Хакимов // Образовательные ресурсы и технологии. 2016. № 1 (13). С. 3–8.
6. Zihin Haritalama Tekniğinin Dinleneni Anlamaya ve Kalıcılığa Etkisi. URL: https://dergipark.org.tr/tr/pub/ataunisosbil/issue/2826/38206 (кайрылуу датасы: 05.06.2022).